Текшерилди
Завуч ____
«13» март 2023г.

**Предмет: Музыка**

**Класс: 4**

**Сабактын темасы: Кумурскалар ыры**

**Сабактын максаты:**

**А) Билим берүүчүлүк: Окуучулар Г.Эсенгулованын чыгармаларын тааныштыруу менен бирге "Кумурскалар" ырынын обонун үйрөнүшөт.**

**Б) Өнүктүрүүчүлүк: Окуучулар ой жүгүртүүсүн эске тутуусун калптандыруу менен бирге музыкага болгон кызыгуусун өстүрүшөт.**

**В) Тарбия берүүчүлүк: Окуучулар "Кумурскалар" ырынын обонун нотанын негизинде үйрөнүп, хор ырдоого тарбияланышат.**

**Сабактын тиби : Жаны билимди өздөштүрүү**

**Сабактын жабдылышы: Слайд, Сүрөттөр, Карточкалар**

**Сабактын жүрүшү: а) Уюштуруу иши**

**Жагымдуу маанай (музыканын коштоосунда бийлеп алабыз)**

**Кана балдар бүгүнкү сабакты Кыргыз Республиканын Мамлекеттик Гимнин ырдоо менен баштап алсак.**

**Сабактын башында эки топко бөлүнүп алып иштейбиз.**

**1-топ Ынтымак**

**2-топ Биримдик**

**Деп атап коюп алдык**

**Эки топко лидер шайлап алалык**

**Лидер сабактын аягына чейин мугалимге жардам берет.**

**1.Өтүлгөн темалар боюнча кайталоо.**

**Добуштардын жайланышы боюнча кайталап алалык.**




**Окуучулар ноталарды төмөндөн жогоруу карай, кайра жогоруудан төмөн коздөй кайталап ырдайбыз.**


**2.Эки группага карточка таратылып , ноталар боюнча иштешет.**

**Ноталар боюнча класстер түзүшөт.**

**1-топ**




**2-топ**




**2.Үй тапшырмасын ~~кайталоо.~~**

**Кана балдар уйгө эмне тапшырма берилди эле? Ким айтат.**

**“Замана бизге кубансын”- ырын обону менен чогу ырдайлы.**

**Эки топтогулар өзү-өзүнчө обону менен ырдап бергиле.**

**Кана балдар анда жаңы темага өтөтөлү.**

**Жаңы тема: Кумурскалар ыры**

**Бүгүнкү өтө турган темабыз**

**Кумурскалар ыры**

**Сөзү:Г.Эсенгулованыкы**

**Музыкасы:Т.Чокиевдики.**

**Гулмира Эсенгулова кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер “Ак шоола” балдар хорунун жетекчиси.Эсенгулованын балдар үчүн көптөгөн чыгармалары бар. Мисалы:”Жер эне”, “Комузум”, “Күн балдары”, “Тып-тып” ,” Мээрим”, “Жаңы жылым” ж.б көптөгөн ырлары бар.**

**Бүгүн биз алардын ичинен "Кумурскалар ыры" деген ырын үйрөнөбүз.**

**Бүгүнкү сабагыбыздын максаты:**

**Кумурскалар ыры боюнча кеңири маалымат алып, ырдын нотасынын негизинде обонун үйрөнөбүз.**

**"Кумурскалар ыры" мындайча айтылат. "Алтын уя"- опереттасы балдар үчүн жазылган кыргыз профессионалдык музыкасынын тарыхындагы эң алгачкы чыгарма. Чыгарманын негизги каарманы бала кумурска. Кумурсканын ата-энеси балдарын эмгекчил, чынчыл болгонго, өз элин жерин сүйүүгө тарбиялашат. Бирок бир гана баласы жалкоо эринчээк болот. Ал жумуш кылуудан качып, балык болуп сүзгүсү, куш болуп учуп алыс өлкөлөргө кеткиси келет.Окуя мына ушул кумурска жөнүндө болот.**


**Оперетта – сахналаштырылган тамашалуу, күлкүлүү музыкалык оюн.**


**Эрте жазда короздун кыйкырыгы менен кумурсканын үй-бүлөөсү эмгектене башташат. Тартиптүү, аракетчил бала кумурскалар алтын уя курууга киришет. Бир гана жалкоо бала кумурска эмгектенүүдөн качат. Акылы жок кумурска өзүнүн туулуп өскөн жерин таштап, узак жолго чыгат.**

**Кумурскалар ыры**

**Сөзү: Г.Эсенгулованыкы**

**Музыкасы:Т.Чокиевдики**






**Нотанын негизинде ырдын обонун үйрөнөбүз.**

# КУМУРСКАЛАР ЫРЫ

Созу: Г. Эсенгулованыкы
Обону: Т. Чокиевдики

2

Биргелешип иш кылып,
Бири-бириңе жөлөк бол!
Өргө карай өр таштап,
Өлкөбүзгө өбөк бол!

Кайырма:
Ата-эненин, ата-эненин сөздөрүн,
Эки кылбай, эки кылбай угабаз, угабыз.
Эң бир сонун, эң бир сонун,
Алтын уя, алтын уя курабыз.

Ырды обону менен эки топ ырдашат.

Сабакты бышыктоо:

Кана балдар баарыбыз чогу кумурскаларга класстер түзөбүз.



## Сабакты жыйынтыктоо:

1.Кана балдар биз кимдин чыгармасын өттүк?

2. Кайсы чыгармасын өттүк?

3. Кумурскалар ыры эмне жөнүндө айтылган?

4. Бала кумурсканын жоругун силер кандай деп ойлойсунар?

5. Ал эмне үчүн башка өлкөгө кеткиси келди?

## Сабакты баалоо:

Баалоо баракчасынын жыйынтыгы ар-бир топко чыгарылат.
Ар-бир жакшы катышкан окуучуларды баалайбыз.

## Уйгө тапшырма:

"Кумурскалар ырын" жаттап обону менен ырдап келүү, андан сырткары кумурскалардын сүрөтүн тартып келесинер.[i]

Текшерилди
Завуч ________
«17» января 2023 г.

**Предмет: Музыка**

**Класс: 3**

**Сабактын темасы: Улуу жолду басып өткөн урма аспаптар**

**Сабактын максаты:**

**А) Билим берүүчүлүк: Окуучулар кыргыз элдик музыкалык урма аспаптарынын жаралыш тарыхы, жасалышы,добуш өзгөчөлүктөрү,алардын колдонулушу жөнүндө маалымат алышат**

**Б) Өнүктүрүүчүлүк: Окуучулар өздөрүнүн улуттук аспаптары жөнүндө өз алдынча айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт**

**В) Тарбия берүүчүлүк: Урма аспаптар колдонулган чыгармаларды уктуруу аркылуу, окуучулар өзүнүн улуттук маданиятын сактоого тарбияланышат.**

**Сабактын тиби : Жаны билимди өздөштүрүү**

**Сабактын жабдылышы: Слайд, Сүрөттөр, Карточкалар**

**Сабактын Методу: Топтордоо иштөө, көрсөтмөлүүлүк.**

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети: | Окуучунун ишмердүүлүгу | |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу Учуру<br>3 мүнөт<br><br><br>2 мин<br><br><br>5мүнөт | Окуучулар менен саламдашып, толуктап класстын тазалыгын көзөмөлдөп,<br>сабакка даярдоо<br><br>Жагымдуу маанай<br>Музыка уктуруу<br><br>Өтүлгөн тема боюнча суроо берет.<br>-Кандай байыркы үйлөмө аспаптарды билесинер?<br><br>-Сурнай эмнеден жасалат?<br>-Мүйүз керней жөнүндө эмне билесинер? | Окуучулар мугалим менен саламдашып, сабакка даярданышат<br>Алтын эрежени эске алышат.<br><br>Музыка угушат<br><br>Мугалим тарабынан берилген суроолорго жооп беришет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Тема боюнча зарыл болгон маалымат-тарды берүү<br>20 мүнөт | Сабактын темасы максаты айтылат.<br>Бүгүнкү сабактын темасы: улуу жолду басып өткөн урма аспаптар деген теманы өтмөкчүбүз.<br>Окуучуларга урма аспаптар боюнча слайд көрсөтүлөт.<br>**Урма аспаптар:** Элибиздин жашоосунда орчундуу орунду ээлейт.Урма аспаптарды той тамашаларда ,ырым-жырымдарда колдонулуучу бакшылырдын дубаналардын колго кармап колдонуусуна ылайыкталган көлөмү жагынан эң кичинесинен, согушта же чоң жыйынга кабар берүүчү өтө чоңуна чейинки түрлөрү көптөп саналат. **Атап айтсак:** **добулбас, доол, дайра (дап), аса таяк, шылдырак, коңгуроо** ж.б<br><br>**Добулбас-** урма аспаптардын эң чоңу. Бул аспап казан кебинде жезден куюлуп жасалып, үстүнкү бетине жаргак тартылып бекитилет.аспаптан добуш чыгаруу үчүн эки таягы болот. Таяк менен жаргакка уруп эң акырын чыккан добуштан дүңгүрөгөн өтөкатуу добуштарды чыгарууга болот. казандай болгон тулкусу жезден, мистен,темирден жасалып,бетине т<br><br>**Доол-**чоподон жасалган, бир бетине жаргак тери капталган урма аспап. Жаргак тегерете жез же мис менен кыса бекитилет.Аспап эки колдун манжалары, алаканы, ошондой эле, атайын жасалган кичинекей таякча менен ойнолот.Добулбаска салыштырмалуу, доол аспабы колго кармап кагууга,аттын канжыгасына арта салып байлоого,эрдин кашына илүүгө же жөө жүргөндөр үчүн ийинге асынып алып ойноого ылайыкталып жасалган.<br>Кол канжыга башына<br>Бирден доол байлатып<br>Билериги баары алтын,<br>Билезиги сары алтын. | 1-топ<br><br>Аса таяк-узундугу 1,5 метрдей болгон жыгач таякка жылаажын,шакекчелерден бекитилген шылдырактуу урма аспап.<br><br>2-топ<br><br>Шылдырак-кармалуучу сабы бар узундугу 0,5 метрдей келген темирден жезден жасалып,ага темирден жасалган үч шакек бекитилет.<br><br>3-топ<br><br>Дап- алкагы жыгачтан жасалып,тегерек шакек сымал | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Пил терисин каптатып<br>Чымын тийсе чыңк эткен<br>Чыбык тийсе кадимки,<br>Кулак тунуп зыңк эткен.<br>**Дайра-**аспабы тегерек шакек сыяктуу келип, бир жагына жаргак капталат.Бул аспап эл ичинде "дап"деген ат менен да кеңири тараган.Аспап сол кол менен кармалып, оң кол менен манжалары,алаканы менен ургулоо аркылуу добуш чыгарылып ойнолот.<br><br>**Аса таяк-**аспабы негизинен аса-муса бадалынан жасалган.Бүгүнкү күндө ар кандай катуу жыгачтардан жасалат.аспапка ар түрдүү шылдырактар, коңгуроолор тагылып ,негизги добуш беруучу булактар болуп эсептелет.Аспапта добуш чыгарып ойноо, аны силкүү жана оң колдун алаканы менен ургулап жүргүзүлөт.<br>**Шылдырак-**аспабы көңдөй келген темирден жасалат, анын ичине майда тоголокчолор(шакекчелер) салынып, сыртына шакектер бекитилет.Ал шакектерге да майда шакекчелер кийгизилет. Шылдырак ар кндай ыргактык силкинүүлөр менен ойнолот.<br>**Коңгуроо-**аспабы да байыртадан элдин күндөлүк тиричилигинде колдонулуучу буюм катары эсептелген. Коңгуроонун кичинесинен баштап, көлөмү казандай болгон түрлөрү колдонулган. Ал эми азыркы учурда коңгуроо музыкалык чөйрөдө кеңири колдонулууда. Бүгүнкү күндө урма аспаптардын көп түрү нукура элдик аспаптардын тобунан түзүлгөн "Камбаркан" Фольклордук ансамблинде колдонулууда. | келбеттүү ички бетине темир шакекчелер кыстарылган урма аспап.<br><br>4-топ<br><br>Дайра<br><br>-аспабы тегерек шакек сыяктуу келип, бир жагына жаргак капталат.Бул аспап эл ичинде "дап"деген ат менен да кеңири тараган.<br><br>Окуучулар улуу жолду басып өткөн урма аспаптар боюнча кластер тузушөт. | |
| Музыка уктуруу<br>2 мин | Ар-бир аспаптын музыкасын угуп аспаптарды атап айтып бергиле? | Окуучулар ар-бир аспаптын музыкасын угушат, ар-бир аспапатан чыккан музыканы атап айтып беришет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Физ минутка 2мин | Дене тарбиялык жонүгүү музыканын коштоосунда көнүгүү жасайбыз. | Музыканын коштоосунда көнүгүү жасашат. | |
| Бышык тоосуу 5 мин | Сабакты бышыктоо:<br>Окуучулар улуу жолду басып өткөн урма аспаптарга класстер түзүшөт.<br><br><br><br>Сабакты жыйынтыктоо:<br><br>Кыргыз элинин музыкалык урма аспаптарынын кандай түрлөрүн билесинер?<br>Алар кандай матерналдардан жасалат?<br>Аспаптарда кимдер ойногон?<br>Урма аспаптардын “манас” эпосу менен байланышы кандай?<br>Урма аспаптардын ичинен кайсынысы жакты? | Окуучулар улуу жолду басып өткөн урма аспаптар боюнча кластер тузушөт.<br><br>Окуучулар суроолорго жооп беришет. | |
| Рефлексия 2мин | Бүгүнкү сабакта эмне маанилүү болду?<br>- Эмнелерди үйрөндүк? | Окуучулар үйрөнгөндөрүн айтышат. | |
| Баалоо 2 мин | Ар-бир окуучулардын сабакка активдүү катышуусу боюнча баяндап баалайбыз. | Окуучулар алган бааларын күндөлүктөрүнө койдурушат. | |
| Үй тапшырма 2 мин | Урма аспаптардын сүрөттөрүн тартып келүү. | Окуучулар тапшырманы белгилеп күндөлүгүнө жазышат | |





Доол

# ДОБУЛБАС






60
Мембрана
(тери)
50
40
30
Корпус
(чара)
20
10